Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн
2026-жылдын 16-февралынын
№13 тескемесине
№ 1 тиркеме

Чым-Коргон айыл аймагында «Чүй Инвестиция» долбоорун ишке ашыруу боюнча

# ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ

Иш-чаралар планы 11 бөлүмдөн турат, иш-чаралардын саны 58

**Бөлүмдөрдүн аталыштары:**

1. Институционалдык башкаруу жана координация *(1 иш-чара)*
2. Аймактын инвестициялык потенциалын инвентаризациялоо *(10 иш-чара)*
3. Эл аралык уюмдар, донорлор жана аймактык өнөктөштөр (чет өлкөлүк региондор) менен өз ара аракеттенүү *(8 иш-чара)*
4. Шаар куруу даярдыгы жана аймактык пландоо (Генплан) *(6 иш-чара)*
5. Административдик жана инфраструктуралык тоскоолдуктарды кыскартуу *(6 иш-чара)*
6. Инвестициялык долбоорлорду коштоп жүрүү жана ишке киргизүү *(8 иш-чара)*
7. Өнөр жайды жана кайра иштетүү тармагын өнүктүрүү *(7 иш-чара)*
8. Чакан жана орто бизнести колдоо жана инфратүзүмдү жакшыртуу *(4 иш-чара)*
9. Экспорттук багыт жана логистика *(1 иш-чара)*
10. Мониторинг, натыйжалуулукту баалоо жана жоопкерчилик *(4 иш-чара)*
11. Кадрдык жана уюштуруучулук камсыздоо *(3 иш-чара)*

**ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ**
2026–жылына карата **«ЧҮЙ ИНВЕСТИЦИЯ »** артыкчылыктуу багытын ишке ашыруу боюнча
**(ЖОЛ КАРТА)**

**Максаты:** Инвесторлорду тартуу жана коштоп жүрүү, Чым-Коргон айыл аймагында бизнести жана өнөр жайды өнүктүрүү.

**Көзөмөлдүн негизи:** Пландын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Аппаратына жүктөлөт.

**Аткаруучулар:**

- Кемин райондук мамлекеттик администрация;
- Кемин райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы;
- Кемин райондук суу чарба башкармалыгы;
- Кемин райондук ветеринардык башкармалыгы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин Кемин райондук филиалы (КАДАСТР);
- Кемин райондук шаар куруу жана архитектура башкармалыгы;
- Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министрлигинин аймактар аралык башкармалыгы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жашыл энергетика фонду;
- Кемин райондук салык кызматтары;
- Кемин райондук электр тармагы;
- Чым-Коргон айыл өкмөтү

**Эскертүү:** долбоорлор айыл өкмөтү белгиленген пландардын аткарылышына жараша, ошондой эле жаңы багыттар табылганда, Чүй облусун өнүктүрүү боюнча калган 5 багытты эске алуу менен оңдолот жана толукталат.

| № | Иш-чара | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуу аткаруучу | Күтүлүүчү жыйынтык / аткарылыш индикатору | Максаттуу көрсөткүчтөр | Каржы булагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1-БӨЛҮМ: Институционалдык башкаруу жана координация** | | | | | | |
| 1.1 | Чым-Коргон айыл аймагында «Чүй инвестициялары» жумушчу топтун жеке курамын бекитүү<br>Иш тартибин (регламентин) бекитүү (ай сайын / квартал сайын өткөрүү) | 2026-жыл, февраль | Айыл өкмөтү | Чечимдерди создуктурбай кабыл алуу, жоопкерчиликтин так вертикалын түзүү, инвестициялык долбоорлор боюнча макулдашуулардын түзүү | чечимдерди кабыл алуу мөөнөттөрүн кыскартуу, маселелердин кеминде 90% кайрадан кароосуз чечилиши | Талап кылынбайт |
| **2-БӨЛҮМ: Аймактын инвестициялык потенциалын инвентаризациялоо**<br>Айыл аймактын экономикалык, өндүрүштүк жана агрардык өзгөчөлүктөрүнө жараша приоритеттүү багыттарды аныктоо аркылуу жер тилкелерин, иштебей турган жана толук жүктөлбөгөн ишканаларды, ошондой эле чакан жана орто бизнестин долбоорлорун комплекстүү инвентаризациялоо.<br>Инвентаризациянын жыйынтыгы менен айыл аймактагы инвестициялык аянтчаларынын жана долбоорлорунун бирдиктүү реестри түзүлүп, инвестициялык долбоорлорду эсепке алуу, мониторинг жүргүзүү жана коштоп жүрүү санариптик инструменттер аркылуу камсызоо. | | | | | | |
| 2.1 | Айыл аймактын өзгөчөлүгүнө жараша инвестициялык жана өндүрүштүк приоритеттерди (өнөр жай/агроиштетүү/кайра иштетүү) аныктоо: өндүрүлүүчү продукциялар, чийки зат базасы, иштеп жаткан ишканалар/чарбалар жана инфраструктуралык муктаждыктар боюнча бирдиктүү маалыматты даярдоо | 2026-жыл, апрель | Айыл өкмөтү<br>КАДАСТР;<br>Архитектура | Инвентаризация иши “реалдуу потенциалдан” башталат. Инвестор үчүн конкреттүү сунуштар даярдалат | приоритеттүү тармак аныкталды; инфраструктуралык муктаждык жана тоскоолдуктар тизмеси түзүлдү | талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2.2 | Өнөр жай багытына которулган (трансформация) жер тилкелерди инвентаризациялоо<br><br>Өндүрүш зоналарын уюштурууга ылайыктуу жер тилкелерин инвентаризациялоо (бош, көйгөйлүү, пайдаланууга жарактуу) | 2026-жыл, апрель, май | КАДАСТР; Архитектура | Өнөр жай зоналарын жана өндүрүштүк кластерлерди түзүүгө жарактуу жер тилкелеринин сапаттуу тизмеси. Трансформацияланган жер тилкелеринин тизмеси, өздөштүрүлүү абалы, чектөөлөрү жана мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат | Кеминде 2-3 инвестициялык жер тилкеси | |
| 2.3 | Иштебей турган ишканаларды инвентаризациялоо | 2026-жыл, апрель, май | | Иштебей турган ишканалардын тизмеси. Аймак боюнча реалдуу | Кеминде 2 иштебей турган же толук жүктөлбөгөн ишканалар | Талап кылынбайт |
| 2.4 | Инвестициялык аянтчалардын жана долбоорлордун бирдиктүү реестрин түзүү | | Айыл өкмөтү | инвестициялык потенциалды толук түшүнүү. Инвесторлор үчүн даяр жана конкреттүү сунуштар. | Электр, суу, газ менен камсыздоо жана транспорттук жеткиликтүүлүк көрсөтүлгөн 2-3 аянтча | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2.5 | Инвестициялык тоскоолдуктардын картасын түзүү жана аларды жоюу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу, инженердик коммуникацияларды камсыздоодо болгон муктаждыкты аныктоо, тиешелүү эсептөөлөрдү жана сметаларды даярдоо | | | Инфраструктуралык мүмкүнчүлүктөрдүн жана чектөөлөрдүн учурдагы абалы жөнүндө сапаттуу жана актуалдуу маалымат | Реестрди жаңылоо | |
| 2.6 | Ички инвесторлордун реестрин түзүү (ишмердүүлүгүн жүргүзгөн, пландаштыруу этабында болгондор) | 2026-жыл, апрель, май, июнь | Айыл өкмөтү | Ички инвесторлордун бирдиктүү базасы түзүлдү | 2-3 дөн ашуун долбоорлор | Талап кылынбайт |
| 2.7 | Айыл аймактын инвестициялык паспортторун иштеп чыгуу | 2026-жыл, март | Айыл өкмөтү | Тартылган инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү | Айыл аймактын инвестициялык паспорт иштелип чыгылды (100% камтылды) | Талап кылынбайт |
| 2.8 | Инвестициялык сессияларды жана сүйлөшүүлөрдү өткөрүү | 2026-жыл, апрель, ноябрь | Айыл өкмөтү | Аймактын инвестициялык имиджин калыптандыруу | Жылына 2 инвестициялык сессия өткөрүлдү<br>Инвестицияларды тартуу көлөмү:<br>– 2026-жылы — 4500 АКШ доллары;<br>– 2027-жылы — 5000 АКШ доллары; | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | – 2028-жылы — 700–800 миң АКШ доллары | |
| 2.9 | Долбоорлорду эл аралык аянтчаларда илгерилетүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Чакан жана орто бизнестин потенциалын жогорулатуу | Чакан жана орто бизнесте иштеп жаткан субъекттеринин санынын өсүшү | Республикалык бюджет, жергиликтүү бюджет |
| 2.10 | Жылдын жыйынтыгы менен жаңы ишканалардын жетекчилери менен жолугушууну уюштуруу | 2026-жыл, ноябрь-декабрь | Айыл өкмөтү | Жаңы ишке киргизилген ишканалар менен түз диалог түзүлүп, алардын продукциясы коомчулукка, потенциалдуу өнөктөштөргө тааныштырылды. Ишканалардын көйгөйлөрү жана өнүгүү муктаждыктары аныкталып, кийинки жылга карата колдоо чаралары боюнча так тапшырмалар берилди. | Жолугушууга катышкан жаңы ишканалардын саны — 1-2 ишкана Ишканалар тарабынан көтөрүлгөн системалуу маселелер боюнча берилген протоколдук тапшырмалар. | Жергиликтүү бюджет |

**3-БӨЛҮМ: Эл аралык уюмдар, донорлор жана аймактык өнөктөштөр (региондор-побратимдер) менен өз ара аракеттенүү**

Эл аралык уюмдар, донорлор жана региондор (бир бир тууган мамилелер бар) менен өз ара аракеттенүү, аймактын приоритеттерин гранттык, техникалык жана жеңилдетилген каржылоо булактары. Чым-Коргон айыл аймагынын инвестициялык имиджин илгерилетүү, мүмкүнчүлүктөрдү колдонуу жана жаратуу.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3.1 | Эл аралык уюмдар, донорлор боюнча толук картаны түзүү (донорлор, КЭР, РФ, Корея, Түркия ж.б.) | 2026-жыл, февраль, апрель | Айыл өкмөтү | Аймак боюнча донордук жана эл аралык мүмкүнчүлүктөрү боюнча бирдиктүү, реалдуу жана колдонууга даяр база түзүлдү | Камтылган эл аралык уюмдар жана региондор<br>Донордук картанын бекитилиши — 1 документ | Талап кылынбайт |
| 3.2 | Донорлор үчүн Чым-Коргон а/а инвестициялык жана инфраструктуралык долбоорлор портфелин даярдоо: инфратүзүм, жашыл энергетика | 2026-жыл, апрель | Айыл өкмөтү | Донорлор үчүн даяр долбоор пакеттери | 2-3 долбоор (инфратүзүм, жашыл энергетика) | |
| 3.3 | Ар бир долбоор боюнча кыска концепция (1–2 бет): бюджет, күтүлгөн эффект. Долбоорлорду донорлордун талаптарына ылайык адаптациялоо. Онлайн/офлайн алгачкы презентациялар | 2026-жыл, апрель, май, июнь | Айыл өкмөтү | Донорлорго даяр, каржылоого сунушталуучу долбоорлор пакети түзүлдү | Даяр долбоорлор —2<br>Презентацияланган долбоорлор — 8дон кем эмес | |
| 3.4 | Донорлор менен жылдык координациялык кеңешти өткөрүү | 2026-жыл, июль, сентябырь, октябрь | Айыл өкмөтү | Айыл аймак боюнча реалдуу колдоого өтө турган долбоорлор аныкталды | Өткөрүлгөн жолугушуулар — кеминде 1<br>Кол коюлган меморандумдар — кеминде 1<br>Биргелешкен долбоорлор — 2–3 | Республикалык бюджет, жергиликтү үбюджет |
| 3.5 | Донордук каржылоо жана техникалык жардам боюнча финалдык макулдашуулар | 2026-жыл, июль | Айыл өкмөтү | Донордук колдо пландан реалдуу долбоорлорго өтү | Ишке кирген долбоорлор — 2–3 | Талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 3.6 | Инфраструктуралык жана институционалдык долбоорлорду ишке киргизүү | 2026-жыл, сентябрь | | | Тартылган донордук/гранттык каражат — кеминде 4500 АКШ доллары | |
| 3.7 | 2027-жылга карата жаңы долбоорлордун түзүү | 2026-жыл, ноябрь, декабрь | | | 2027-жылга даяр долбоорлор — 2ден кем эмес | |
| 3.8 | Жылдык жыйынтыктык отчет даярдоо. | 2026-жыл, декабрь | | | Жылдык отчет — 1 | |
| **4-БӨЛҮМ: Шаар куруу даярдыгы жана аймактык пландоо (Генплан)**<br>Чым-Коргон айыл аймактын калкынын өсүшү, экономикалык активдүүлүктүн кеңейишин эске алуу менен аймактарды комплекстүү пландоо. Инженердик жана транспорттук инфраструктураны алдын ала долбоорлоо, турак жай массивдерин, жашыл зоналарды жана коомдук мейкиндиктерди уюштуруу, ошондой эле социалдык объекттерди калктын жүктөмүнө жана инфраструктуралык мүмкүнчүлүктөргө ылайык жайгаштыруу. Инвесторлор үчүн жер тилкелери жана функционалдык зоналар так аныкталып, “жашыл / сары / кызыл” чектөөлөр картасы түзүлөт, натыйжада архитектуралык макулдашуулар жана жер маселелери боюнча жол-жоболордун орточо мөөнөтү кыскартылат. | | | | | | |
| 4.1 | Айыл аймактагы айылдардын башкы пландардын түзүү | 2026-жыл, июнь | Айыл өкмөтү Архитектура жана шаар курулушу башкармалыгы, КАДАСТР | Башкы планды статусу боюнча бирдиктүү реестр түзүлдү | аймак 100% камтылды | РБ |
| 4.2 | Башкы планды жана ПДПлардын техникалык тапшырмаларын (ТЗ) иштеп чыгуу жана бекитүү | 2026-жыл, май | Айыл өкмөтү, Архитектура жана шаар курулушу башкармалыгы, КАДАСТР | Башкы планды иштеп чыгууга даяр ТТлар | 5 ТТ бекитилди | |
| 4.3 | Башкы планды иштеп чыгуу үчүн каржылоону аныктоо (бюджет / донор / аралаш) жана подрядчыларды тандоо | 2026–жыл, август | Айыл өкмөтү, Архитектура жана шаар курулушу башкармалыгы, КАДАСТР | Башкы планды иштеп чыгуу процесси башталды | 5 айылды иштер башталды | Донорлор, эл аралык уюмдар РБ |
| 4.4 | Башкы планды долбоорлорун иштеп чыгуу, коомдук угуу жана макулдашуу | 2026-жыл, октябрь | Айыл өкмөтү, Архитектура жана шаар курулушу башкармалыгы, | Инвесторлор үчүн функционалдык зоналар аныкталды | 2026-ж. –5 айыл, | Донорлор, эл аралык уюмдар |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | КАДАСТР | | | |
| 4.5 | Башкы планды негизинде GIS/санарип карталарды түзүү (инженердик тармактар, чектөөлөр, зоналар) | 2026-жыл, октябрь | Айыл өкмөтү, Архитектура жана шаар курулушу башкармалыгы, КАДАСТР, санарип операторлор | Инвестор үчүн “таза карта” даяр | Генпландардын 100% санарип форматта | |
| 4.6 | Башкы планды инвестициялык реестр жана «бирдиктүү терезе» менен интеграциялоо | 2026-жыл, ноябрь | Айыл өкмөтү, Архитектура жана шаар курулушу башкармалыгы, КАДАСТР | Жер жана архитектура боюнча чечимдер ыкчамдайт | Генералдык планы бар айылдар -6; Инвесторлордун “жер тандоо” стадиясы 30 күндөн 10–15 күнгө кыскартылды; | |
| **5-БӨЛҮМ: Административдик жана инфраструктуралык тоскоолдуктарды кыскартуу**<br>Жер, шаар куруу, салык, бажы жана инфраструктура маселелерине байланыштуу чектөөлөрдү аныктоо жана аларды системалуу түрдө жоюу. | | | | | | |
| 5.1 | Айыл аймак боюнча инвестициялык тоскоолдуктардын тизмесин түзүү | 2026-жыл, март | Айыл өкмөтү, КАДАСТР, Архитектура, | Долбоорлорду ишке киргизүү мөөнөттөрүн кыскартуу. Инвесторлорго берилген баш тартуулардын жана жоготуулардын азайышы. Бизнес коомчулугунун мамлекеттик органдарга болгон ишенимин жогорулатуу | Төмөнкү мөөнөттөргө чейин кыскартуу:<br>– жер боюнча чечимдерди алуу — 30 күнгө чейин;<br>– архитектуралык макулдашуулар — 20 күнгө чейин;<br>– инженердик тармактарга кошулуу — 45 күнгө чейин | Талап кылынбайт |
| 5.2 | Ар бир тоскоолдукту жоюу үчүн жооптуу адамдарды аныктоо | | | | | |
| 5.3 | Маселелерди чечүү мөөнөттөрүн белгилөө | | | | | |
| 5.4 | Көйгөйлүү учурларды (кейстерди) жумушчу топтун жыйынында кароо | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5.5 | Ар бир инвестициялык аянтча боюнча инженердик инфраструктуранын паспорту: электр кубаттуулугу, кошулуу шарттары, тарифтерге шилтемелер, суу/канализация/агынды суу тазалоо мүмкүнчүлүгү, жол жеткиликтүүлүгү; инфраструктураны ким курат (мамлекет/инвестор/аралаш) деген "матрица" | 2026-жыл, апрель | Айыл өкмөтү , КАДАСТР, Архитектура, Инвестициялар боюнча улуттук агенттик, | Долбоордун баасын эсептөөгө негиз түзүлдү, ачык айкын сүйлөшүү, макулдашуу | Кеминде 100 аянтча инфра-паспорт менен; муктаждык смета/эсептөөлөр даяр | |
| 5.6 | Тоскоолдуктарды жоюу боюнча кабыл алынган чечимдердин аткарылышына аудит жүргүзүү | 2026-жыл, октябрь, ноябрь, декабрь | Айыл өкмөтү, КАДАСТР, Архитектура, Инвестициялар боюнча улуттук агенттик, | Административдик жана инфраструктуралык жол-жоболор реалдуу кыскарып, инвесторлор үчүн ачык, түшүнүктүү жана алдын ала божомолдонгон система калыптанды. | Аныкталган тоскоолдуктардын ичинен жоюлган учурлар ,<br><br>2027-жылга сунушталган системалуу өзгөртүүлөр | Талап кылынбайт |

**6-БӨЛҮМ: Инвестициялык долбоорлорду коштоп жүрүү жана ишке киргизүү**

Ар бир артыкчылыктуу инвестициялык долбоорду идея баскычынан тартып пайдаланууга берүү этабына чейин бардык этаптарда жеке тартипте коштоп жүрүүнү уюштуруу. Жооптуу кураторлорду бекитүү, ишке ашыруунун жүрүшүнө туруктуу мониторинг жүргүзүү жана көйгөйлүү маселелер пайда болгон учурда ыкчам кийлигишүүнү камсыз кылуу.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6.1 | Ар бир долбоорго жеке (персоналдык) кураторду бекитүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Аймак боюнча реалдуу, ишке ашуучу долбоорлордун тизмеси түзүлдү | Артыкчылыктуу долбоорлор — кеминде 5-6 | |
| 6.2 | Долбоорлорду идеядан тартып пайдаланууга берүү баскычына чейин коштоп жүрүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Ар бир долбоор жеке жоопкерчиликке алынды | Куратор дайындалган долбоорлор — 100% | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6.3 | Ишке ашыруунун абалын ай сайын мониторинг жүргүзүү | 2026-жыл, ай сайын | Айыл өкмөтү | Долбоорлор даярдык стадиясынан курулуш/ишке киргизүү стадиясына өттү | Активдүү коштолгон долбоорлор — кеминде 2-3 |
| 6.4 | Көйгөйлүү маселелерди айыл өкмөтүнүн деңгээлде ыкчам чечүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Өз ара аракеттенүү күчөдү, көйгөйлөр ыкчам чечилди | Өткөрүлгөн жолугушуулар — айына 1 |
| 6.5 | Долбоорлордун ишке ашырылышын ай сайын мониторинг жүргүзүү: график, инвестиция көлөмү, жумуш орундар, санариптик реестр аркылуу көзөмөл | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Долбоорлор реалдуу график менен жүрүп жатат | Мониторингден өткөн долбоорлор — 100% |
| 6.6 | Көйгөйлүү жана "Созулуп кеткен долбоорлор" долбоорлор боюнча ыкчам кийлигишүү: Аймактын деңгээлде чечим кабыл алуу. | Ар дайым, 2026-жыл, август айында талдоо | Айыл өкмөтү | | "Созулуп кеткен долбоорлор" долбоорлордун азайышы — 30%<br><br>Калыбына келтирилген долбоорлор — кеминде 5–7 |
| 6.7 | Долбоорлорду пайдаланууга берүү жана жыйынтык чыгаруу: ишке кирген объекттер, жумуш орундарын жана салыктык эффектти эсептөө | 2026-жыл, октябрь | Айыл өкмөтү | Инвестициялар экономиканын реалдуу секторуна өттү | Ишке киргизилген долбоорлор: 2026-жылы — кеминде 5-6<br>Түзүлгөн жумуш орундар —50 –100<br>Ишке ашпай калган долбоорлор — 20%дан ашпайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6.8 | Жылдын жыйынтыгы менен инвесторлор жана жаңы ишканалардын жетекчилери менен жолугушуу | 2026-жыл, декабрь | Айыл өкмөтү | Продукция көргөзмөсү уюштурулду, диалог түзүлдү | Катышкан ишканалар 5-6<br>Кийинки жылга алынган милдеттенмелер — 1 протокол | |

**7-БӨЛҮМ: Өнөр жайды жана кайра иштетүү тармагын өнүктүрүү**

Чүй инвестициялары” концепциясын ишке ашыруунун алкагында тышкы инвестицияларды тартуу менен бир катар ички инвесторлорду колдоого, пайданы кайра инвестициялоого, иштеп жаткан өндүрүштөрдү кеңейтүүгө жана жергиликтүү кошумча нарк чынжырларын түзүүгө приоритеттүү көңүл бурулат.

Кошумча наркы жогору болгон өнөр жай жана кайра иштетүүчү өндүрүштөрдү түзүүнү, анын ичинде агроиштетүү, логистика, курулуш материалдары, жеңил өнөр жай жана жашыл энергетика тармактары приоритеттүү түрдө колдоого алынат.

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 7.1 | Ар бир айыл үчүн артыкчылыктуу тармактарды аныктоо | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү<br>Туруктуу жумуш орундарын түзүү<br>Жергиликтүү бюджеттин салык базасын көбөйтүү | 3 жыл ичинде кеминде 3–4 жаңы өнөр жай ишканасын түзүү 1200–150 жумуш ордун түзүү; өнөр жайдан түшкөн салыктык түшүүлөрдүн көлөмүн көбөйтүү | Талап кылынбайт |
| 7.2 | Кошумча наркы жогору болгон долбоорлорду колдоо | Ар дайым | Айыл өкмөтү | | | |
| 7.3 | Иштеп жаткан ишканаларды модернизациялоого көмөк көрсөтүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | | | |
| 7.4 | Жаңы ачылган ишканаларга аймакты көрктөндүрүүнү, жашылдандырууну милдеттендирүү | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Өнөр жай аймактарды көрктөндүрүү жана жашылдандыруу | Ар дайым | |
| 7.5 | Өнөр жай, кайра иштетүү, энергетика долбоорлору үчүн юридикалык даяр аянтчаларды түзүү (өнөр жай зоналар) | 2026-жыл, октябрь, декабрь | Айыл өкмөтү КАДАСТР, Архитектура, Инвестициялар боюнча улуттук агенттик, Жашыл энергетика фонду, | Айыл аймагында 365 га аянттагы жер тилкесин өнөр жай категориясына өтүп Өнөр жай зонасын түзүү жана инвесторлорго конкурс аркылуу берүү. | Курулуш материалдары, текстиль, агро-өнөр жай боюнча ири өнөр жай зонасы ишке кирип<br>Кайра жаралычуу энергия тармагында кеминде 1 долбоор | Жеке инвестиция |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | ишке ашырылды | |
| 7.6 | Энергетика тармагында инвестициялык долбоорлорду ишке ашырууну активдештирүү | 2026-жыл, октябрь, ноябрь, декабрь | Айыл өкмөтү Жашыл энергетика фонду | Жашыл энергетика тармагында электр энергиясын өндүрүү боюнча инвестициялык долбоорлор ишке ашырылып, жаңы энергетикалык объекттер боюнча курулуш иштери башталды жана/же пайдаланууга берилди | Аймакта электр энергиясын өндүрүү көлөмү көбөйүп, энергетикалык кубаттуулуктардын жетишсиздиги кыскартылып, калкты жана экономиканын реалдуу секторун туруктуу электр энергиясы менен камсыз кылуу жакшыртылды | Талап кылынбайт |
| 7.7 | Жашыл энергетика фондуна берилген жер тилкелерин максаттуу пайдаланууну көзөмөлдөө:<br>- Кемин району боюнча 353 га мамлекеттик, 256 га инвестициялык келишим менен, 161 га менчик жер келишим менен; | 2026-жыл ичинде | Айыл өкмөтү, КАДАСТР, Архитектура, Жашыл энергетика фонду | Жашыл энергетика фондуна берилген жер тилкелеринин максаттуу пайдаланылышы боюнча туруктуу мониторинг жүргүзүлүп, ар бир участок боюнча инвестициялык долбоорлордун ишке ашырылышы (жерди өздөштүрүү, | Жашыл энергетика фондуна берилген жер тилкелери өз багыты боюнча пайдаланылып, жерлерди максатсыз кармоо жана пайдаланбоо учурларынын алдын алуу камсыздалды, кайра жаралуучу энергетика объекттерин ишке | Республикалык бюджет, жергиликтүү бюджет, жеке инвестиция |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | курулуштун башталышы, кубаттуулуктун ишке киргизилиши) көзөмөлгө алынды | ашыруу ылдамдатылды | |
| **8-БӨЛҮМ: Чакан жана орто бизнести колдоо жана инфратүзүмдү жакшыртуу**<br>Каржылык инструменттерге жеткиликтүүлүк, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк, ири инвесторлор менен кооперация түзүү аркылуу чакан жана орто бизнестин долбоорлорун ишке киргизүү жана масштабын кеңейтүү үчүн шарттарды түзүү, ошондой эле өндүрүштүк жана индустриалдык аянтчаларды өнүктүрүү. Аймактын инфратүзүмүн жакшыртуу, абадташтыруу | | | | | | |
| 8.1 | Ишке киргизүүгө даяр болгон чакан жана орто бизнес долбоорлорун аныктоо жана алардын тизмесин түзүү | 2026-жыл, март (ар дайым) | Айыл өкмөтү | Чакан жана орто бизнестин иштеп жаткан субъекттеринин санынын өсүшү<br><br>Өндүрүштүн жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңейиши<br><br>Калктын иш менен камсыз болуу деңгээлинин жогорулашы | 2 жыл ичинде кеминде 10–15 жаңы чакан жана орто бизнес долбоорун ишке киргизүү<br><br>Чакан жана орто бизнес секторунда 50 –60 жумуш ордун түзүү<br><br>Жеңилдетилген каржылоо аркылуу кеминде 10 долбоорду колдоо | Талап кылынбайт |
| 8.2 | Кредиттерге жана жеңилдетилген каржылоого жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга көмөк көрсөтүү | | Айыл өкмөтү, Элдик банк, Айыл банк (макулдашуу менен) | | | |
| 8.3 | Чакан жана орто бизнестин ири инвесторлор менен кооперациясын өнүктүрүү | | Айыл өкмөтү, КР экономика жана коммерция министрлигинин аймактар аралык башкармалыгы | | | |
| 8.4 | Муниципалдык базарды ачуу | 2026-жыл ичинде | Айыл өкмөтү , КАДАСТР, Архитектура | Республикалык маанидеги автожолду жеңилдеп, шаардын борборунун санитардык жана архитектуралык абалы жакшырат, ишкерлер жана тургундар үчүн | Мал алып-сатуу, курулуш материалдары, айыл чарба продукциялары, ИММ жана МММ үчүн тоюттар); коомдук тамактануу жайлары; көрктөндүрүлгөн | Жеке инвестиция, жергиликтүү бюджет |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ыңгайлуу шарттар түзүлөт | аймак жана уюштурулган автоунаа токтотуучу жай; инженердик жана транспорттук инфраструктура түзүү (терминал, банкомат ж.б.) | |
| **9-БӨЛҮМ: Экспорттук багыт жана логистика**<br>Экспортко багытталган долбоорлорду колдоо, логистикалык инфраструктураны өнүктүрүү, Чым-Коргон айыл аймагынын продукциясын тышкы рынокторго чыгарууга көмөк көрсөтүү | | | | | | |
| 9.1 | Экспортко багытталган айыл чарба өсүмдүктөрүн аныктоо | 2026-жыл ичинде (ар дайым) | Айыл өкмөтү, КР суу ресурстары, айыл чарба, өнөр жай, өндүрүш министрлиги | Аймактын продукциясынын экспорт көлөмүнүн өсүшү<br>Сатуу рынокторун диверсификациялоо<br>Валюталык түшүүлөрдүн көбөйүшү | 2027-жылга чейин аймактын экспорт көлөмүн **10–15%га** жогорулатуу;<br>Кеминде 20-25 дыйкандарды колдоо | Талап кылынбайт |
| **10-БӨЛҮМ: Мониторинг, натыйжалуулукту баалоо жана жоопкерчилик**<br>Иш-чаралардын аткарылышына туруктуу мониторинг жүргүзүү системасын киргизүү, экономикалык натыйжалуулукту (инвестициялардын көлөмү, жумуш орундарын түзүү, салыктык түшүүлөр) баалоо жана максаттуу көрсөткүчтөргө жетишүү үчүн райондордун жана шаарлардын жетекчилеринин жеке жоопкерчилигин камсыз кылуу | | | | | | |
| 10.1 | Айлык / кварталдык отчеттуулукту түзүү | Ар дайым | КРП ЧОЫӨ | Инвестициялардын облустун экономикасына | Айыл аймак боюнча инвестициялардын көлөмүн жылына | Талап кылынбайт |
| 10.2 | Долбоорлордун экономикалык | Ар дайым | КРП ЧОЫӨ | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | натыйжалуулугун баалоо | | | өлчөнө турган салымы | кеминде 10–15%га көбөйтүү | |
| 10.3 | Райондордун жана шаарлардын рейтингдерин түзүү | Ар дайым | КРП ЧОЫӨ | | | |
| 10.4 | Алынган жыйынтыктарды кадрдык жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда колдонуу | Ар дайым | КРП ЧОЫӨ | Жетекчилердин аткаруучулук тартибин жогорулатуу<br><br>Процесске эмес, натыйжага багытталган иш алып баруу | Жылдын жыйынтыгы боюнча кадрдык чечимдерди коррекциялоо<br><br>Жылына 1 жолу коомчулукка ачык отчет берүү | |

**11-БӨЛҮМ: Кадрдык жана уюштуруучулукту камсыздоо**

Инвестицияларды тартуу чөйрөсүндө жооптуу кызматкерлердин компетенцияларын жогорулатуу, долбоорлорду коштоп жүрүү боюнча кесипкөй командаларды түзүү жана инвесторго багытталган сервистик мамилени өнүктүрүү

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 11.1 | Инвестициялык ишмердүүлүк боюнча жооптуу кызматкерлерди окутуу | Ар дайым | Айыл өкмөтү | Инвесторлорду сапаттуу коштоп жүрүү<br><br>Башкаруучулук чечимдердин натыйжалуулугун жогорулатуу<br><br>Айыл аймактын инвестициялык саясатынын узак мөөнөттүү туруктуулугун камсыз кылуу | Айыл өкмөтүндө 8-10 кызматкерин окутуу<br><br>Аймакта боюнча 1 инвестициялык команданы түзүү<br><br>Инвесторлордун коштоп жүрүүгө болгон канааттануу деңгээлин 80%дан төмөн эмес деңгээлде камсыз кылуу | Талап кылынбайт |
| 11.2 | Долбоорлорду коштоп жүрүү боюнча кесипкөй команданы түзүү (тегерек стол өткөрүү) | Ар дайым | Айыл өкмөтү | | | |
| 11.3 | Инвесторлор менен иштөөдө сервистик маданиятты жогорулатуу | Ар дайым | Айыл өкмөтү | | | |

**Башчынын орун басары** **А.Джамангулова**